**Электрондук кол тамганы колдонуу жөнүндө**

**МАКУЛДАШУУ**

Бишкек ш. «____» ___________ 2025-ж.

Мындан ары «МКК» деп аталган «Достукча» микрокредиттик компаниясы» ЖЧКсынын атынан Уставдын негизинде иш алып барган Башкы директору Омурбекова Динара Жанышбековнанын бир тараптан жана мындан ары «Колдонуучу» деп аталган [Аты-жөнү толугу менен], [туулган күнү], [паспорттун сериясы жана номуру], ким тарабынан берилген [орган жана берилген күнү], [катталган дареги], экинчи тараптан, биргелешип мындан ары «Тараптар» деп аталып, ал эми өз-өзүнчө – «Тарап» же жогоруда көрсөтүлгөндөй аталуу менен, МКК Кыргыз Республикасынын аймагында микрокаржылоо ишмердүүлүгүн жүргүзүп, микрокредиттерди аралыктан да берээрин эске алып, Колдонуучу МККнын кызматтарын тиешелүү кредиттик келишимде шартталган шарттарда алууга кызыкдар жана ниеттенүүдө экенин эске алып, Тараптар төмөндөгүлөр жөнүндө жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу жөнүндө ушул макулдашууну (мындан ары текст боюнча – «Макулдашуу») түзүштү:

## 1. ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР

1.1. Электрондук кол тамга же ЭКТ – бул электрондук түрдөгү маалымат, ал башка электрондук түрдөгү маалыматка тиркелет жана (же) логикалык жактан байланышкан жана маалыматка кол койгон адамды аныктоо үчүн колдонулат. Колдонуучунун Электрондук кол тамганы колдонуусу (Колдонуучунун катталган телефон номуруна SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн атайын кодду активдештирүү) Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 19-июлундагы №128 «Электрондук кол тамга жөнүндө» Мыйзамынын талаптарына ылайык Колдонуучунун өз колу менен койгон кол тамгасына окшош юридикалык аракеттерди тастыктайт.

1.2. Электрондук кол тамга менен кол коюлган бардык документтер электрондук документ болуп саналат, ал Колдонуучунун өз колу менен коюлган кол тамгасы менен кагаз жүзүндөгү документке тең.

1.3. Колдонуучунун мобилдик телефон номуру – Кыргыз Республикасынын аймагында Колдонуучуга катталган, Колдонуучу тарабынан көрсөтүлгөн жана мобилдик байланыш оператору тарабынан берилген тартипте тастыкталган мобилдик телефон номуру.

1.4. Веб-сайт – МККга катталган жана МККнын иш процессинде колдонулган Интернет тармагындагы расмий сайт, ал онлайн режиминде микрокредитке өтүнмө тариздөөгө жана МКК менен Колдонуучунун ортосундагы маалымат алмашууну камсыз кылган документтерге, ошондой эле Тараптардын өз ара мамилелерине Электрондук кол тамга менен кол коюуга мүмкүндүк берет.

1.5. Жеке маалыматтар – Колдонуучуга тиешелүү болгон ар кандай маалымат, анын ичинде Колдонуучунун инсандыгын аныктоочу жеке маалыматтар.

## 2. МАКУЛДАШУУНУН ПРЕДМЕТИ

2.1. Бул Макулдашуу Колдонуучунун жөнөкөй электрондук кол тамгасын колдонуу тартибин жана шарттарын аныктайт:

2.1.1. Колдонуучунун маалыматын сактоону жана укук ченемдүү пайдаланылышын камсыз кылуу үчүн (Колдонуучунун мобилдик телефон номуруна SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн атайын кодду активдештирүү);
2.1.2. Тараптардын ортосунда Колдонуучунун Электрондук кол тамгасы менен кол коюлган бардык электрондук документтерди алмашуу үчүн;
2.1.3. Колдонуучунун МККнын кызматтарын алуу үчүн зарыл болгон, МККнын Веб-сайтында жайгаштырылган документтерге кол коюусу үчүн.
2.2. «Электрондук кол тамга жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жоболорун, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актыларын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын, ошондой эле ушул Макулдашуунун жоболорун жетекчиликке алып, Тараптар Колдонуучунун МККнын Веб-сайтында ишке ашырган бардык аракеттери жана Колдонуучунун Электрондук кол тамгасы менен кол коюлган микрокредит берүүгө тиешелүү документтер Колдонуучунун өз колу менен коюлган кол тамгасы менен кагаз жүзүндөгү документтерге теңештирилет деп макулдашышты.

## 3. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

3.1. Тараптардын ортосунда электрондук өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу максатында МКК Колдонуучуга төмөнкүлөрдү берет, анын ичинде:
3.1.1. МККнын Веб-сайты;
3.1.2. Колдонуучунун мобилдик телефон номуруна SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн атайын код.
3.2. МККнын Веб-сайты Колдонуучу жөнүндө маалыматтын купуялуулугун камсыз кылат.
3.3. Ушул Макулдашууга кол коюу менен Колдонуучу анын шарттары менен, ошондой эле Колдонуучунун Веб-сайтында жайгаштырылган документтер менен таанышкандыгын тастыктайт.
3.4. Ушул Макулдашууга кол коюу менен Колдонуучу өзүнүн төмөнкүгө болгон шартсыз макулдугун берет: • ушул Макулдашууну, кредиттик келишимди жана Тараптардын ортосунда түзүлгөн башка келишимдерди аткаруу максатында Колдонуучунун ар кандай Жеке маалыматтарын пайдаланууга. Эгерде Колдонуучу үчүнчү жактардын жеке маалыматтарын берсе, Колдонуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык, бул үчүнчү жактардын макулдугун алуунун жана мыйзамдуулугунун жеке жоопкерчилигин алат. • МККнын ыйгарым укуктуу кызматкерлери тарабынан Колдонуучу жөнүндө ар кандай маалыматтарды, анын ичинде Жеке маалыматтарды берүүгө жана/же алууга, ошондой эле ал жөнүндө маалыматты берүүдө/ачыктоодо, Тараптар келечекте макулдуктарды алуу үчүн МККнын ыйгарым укуктуу адамынын электрондук кол тамгасы колдонула тургандыгына макул болушат.
3.5. Ушул Макулдашууга кол коюу менен Колдонуучу ушул Макулдашуунун маалым даректеринде көрсөтүлгөн Мобилдик телефон номуру ага мобилдик байланыш оператору тарабынан берилгендигин жана Колдонуучу тарабынан ушул Макулдашуудан келип чыккан документтерге Электрондук кол тамга менен кол коюу үчүн зарыл болгон атайын кодду алуу үчүн колдонула тургандыгын тастыктайт.
3.6. Колдонуучунун маалым даректеринде көрсөтүлгөн Мобилдик телефон номурун алмаштыруусу/жоготуусу Тараптардын ортосундагы мындан аркы электрондук өз ара аракеттенүүнүн мүмкүн эместигине алып келет жана жаңыртылган (актуалдуу) маалыматтар менен ушул Макулдашууну кайра түзүүнү талап кылат.

## 4. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

4.1. МКК төмөнкү укуктарга ээ:
4.1.1. МККнын http://www.fino.kg/ дареги боюнча Веб-сайтында жайгаштырылган документтерге бир тараптуу тартипте өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө;
4.1.2. Колдонуучуга бузуу күнүнө чейин 15 (он беш) календардык күн калганда кабарлап, ушул Макулдашууну бир тараптуу тартипте бузууга.
4.2. МКК төмөнкүлөргө милдеттүү:
4.2.1. ушул Макулдашуу боюнча өз милдеттерин тийиштүү түрдө аткарууга;
4.2.2. купуялуулук жоболорун сактоого.
4.3. Колдонуучу төмөнкүлөргө милдеттүү:
4.3.1. МККга Жеке маалыматтарды берүүгө;
4.3.2. ушул Макулдашуу боюнча өз милдеттерин тийиштүү түрдө аткарууга;
4.3.3. өз маалыматтарынын өзгөрүшү жөнүндө токтоосуз билдирүүгө;
4.3.4. атайын код жөнүндө маалыматты үчүнчү жактарга ачыкка чыгарбоого жана бербөөгө;
4.3.5. Мобилдик телефон номурунун алмашуусу/жоголушу/уурдалышы жөнүндө МККга токтоосуз билдирүүгө;
4.3.6. Электрондук кол тамганы пайдалангандыгы үчүн МККнын алдында жоопкерчилик тартууга.
4.4. Колдонуучу төмөнкү укуктарга ээ:
4.4.1. МККга бузуу күнүнө чейин 15 (он беш) календардык күн калганда кабарлап, ушул Макулдашууну бир тараптуу тартипте бузууга.

## 5. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

5.1. Тараптар ушул Макулдашуу боюнча өз милдеттерин аткарбагандыгы же тийиштүү түрдө аткарбагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын ченемдерине ылайык жоопкерчилик тартышат.
5.2. Эгерде тиешелүү бузуу башка Тараптын өз милдеттерин тийиштүү түрдө аткарбагандыгынан улам келип чыкса, Тараптар ушул Макулдашуу боюнча өз милдеттерин аткарбагандыгы же тийиштүү түрдө аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик тартышпайт.

## 6. БАШКА ШАРТТАР

6.1. Тараптардын бири дагы башка Тараптын жазуу жүзүндөгү макулдугусуз ушул Макулдашуу боюнча өз укуктарын жана милдеттерин үчүнчү жакка өткөрүп берүүгө укуксуз.
6.2. Ушул Макулдашуудан келип чыккан бардык талаш-тартыштарды Тараптар сүйлөшүү жолу менен чечишет. Эгерде Тараптар көрсөтүлгөн тартипте компромисске жетише албаса, ушул Макулдашуудан келип чыккан бардык талаш-тартыштар жана келишпестиктер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын жалпы юрисдикциядагы сотторунда каралууга тийиш.
6.3. Ушул Макулдашуу бирдей юридикалык күчкө ээ, ар бир Тарап үчүн бирден нускада орус тилинде 2 (эки) окшош нускада түзүлүп, кол коюлду.

## 7. ТАРАПТАРДЫН ДАРЕКТЕРИ, МААЛЫМ ДАРЕКТЕРИ ЖАНА КОЛ ТАМГАЛАРЫ

| | |
|---|---|
| «Достукча» МКК» ЖЧКсы<br>Дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Горький көчөсү, 70<br>ЖСН: 02207202210377 | Колдонуучунун аты-жөнү Паспорт: [сериясы, номуру, ким тарабынан жана качан берилген] Катталган дареги: |

| | |
|---|---|
| ИУЖК: 31553170<br>Банк: «Оптима Банк» ААК<br>БИК: 109016<br>Алыш-бериш эсебинин<br>№ 1091610655180139 | [каттоо боюнча дареги] Иш жүзүндөгү дареги: [жашаган дареги] |